**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университети жана С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д.25.21.634 диссертациялык кеңештин экспертинин Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

# ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМ

Изденүүчү Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын карап чыгуу менен төмөндөгүдөй бүтүмгө келдим:

**1.Иштин диссертациялык кеңештин профилине жана адистиктин паспортуна дал келиши**. Момошева Гулиза Абылкасымовнанын коргоого коюлган «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы диссертациялык иши диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Илимий иште Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары илимий-теориялык негиздери жана практикалык жактары изилденген, алардын экономикалык-географиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрү иликтенүү менен өнүгүү стратегиясы боюнча сунуштар иштелип чыккан, бул 25.00.24 – “экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география” адистигинин паспортуна толук түрдө дал келет.

Диссертациянын максаты болуп Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн илимий-теориялык жана практикалык негиздерин изилдөө, алардын экономикалык-географиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо менен өнүгүү стратегиясы боюнча сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

Коюлган максат төмөнкү милдеттерди аткаруу менен чечилген: кичи шаарларды изилдөөнүн концептуалдык негиздерин илимий адабияттардын

мисалында иликтөө; шаарлар жана кичи шаарлар түшүнүгүн илимий жактан толуктоо жана алардын типологиясын иштеп чыгуу; Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык жайгашуу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана талдоо; аймактагы кичи шаарлардын өнүгүүсүндөгү көйгөйлүү маселелерди аныктоо; кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясынын чегинде өсүү точкаларын, өсүү линияларын жана өсүү коридорлорун калыптандыруу, алардын географиялык өзгөчөлүгүн көрсөтүү үчүн шаар брендин түзүү зарылдыгын негиздөө; кичи шаарлардын түштүк аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун негизи катары өнүгүүсүнүн багыттарын иштеп чыгуу жана сунуштоо.

Изилдөөнүн объектиси болуп Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын экономикалык-географиялык жайгашуу жана өнүгүү контексинде учурдагы абалы саналат.

Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын экономикалык-географиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө автор тарабынан төмөнкү усулдар колдонулган: маалыматтарды топтоо, байкоо, тарыхый, статистикалык, математикалык усулдар, салыштырма-географиялык усул, географиялык райондоштуруу, картографиялык усул, геомаалыматтык система ыкмасы, талаалык изилдөөлөр, экспедициялык усул, социалдык сурамжылоо ж.б. Пайдаланылган усулдар 25.00.24 – “экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география” адистигинин талабына толук түрдө дал келет.

**2.Изилдөө темасынын актуалдуулугу**. Азыркы мезгилде дүйнөдө, анын ичинде Борбордук Азиянын Фергана өрөөнүндө урбанизациялык процесстердин курчушу, ошондой эле Кыргыз Республикасында (КР) рынок экономикасына өтүү шарттарында территориялык-урбанизациялык структуранын кескин өзгөрүүсү, ага байланыштуу шаар конуштарынын ичинен кичи шаарлардын сандык жактан көбөйүүсү жана социалдык-экономикалык жактан өнүгүү маселелери мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик, атуулдук коомчулук жана илимий чөйрө тарабынан активдүү иш-аракеттерди талап кылууда. Эгемендүүлүк шарттарында республикада 11 кичи шаар пайда болуп, 1 шаар (Ак-Суу) өз макамын жоготту. Ал эми түштүк аймакта бүгүнкү күндө 18 шаар конушунун ичинен 14ү кичи шаарлар категориясына кирип, аймактын жалпы шаар калкынын 37,3%ын жана республикадагы кичи шаарлардын калкынын 58,1%ын түзөт. Алардын өсүп-өнүгүү жолдору түрдүү тарыхый-географиялык жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөр менен коштолот: пайда болуулары 1940-жылдан 2012-жылга, деңиз деңгээлине карата жайгашуу абалдары 585 м ден 1980 м ге, борбордон алыстыгы 276 км ден 1055 км ге, калкынын саны 11,9 миңден 43,8 миңге, адам башына болгон киреше 780 сомдон 4979 сомго (2017-жылга) чейин айырмаланып келет. Бул өз кезегинде экономикалык, социалдык, экологиялык жана саясий маанидеги көйгөйлөрдү жаратып, ар түрдүү деңгээлдеги уюштуруучулук-экономикалык аракеттерди жана илимий-практикалык иликтөөлөрдү талап кылат.

Өлкөдөгү аймактык өнүгүүгө багытталган расмий иш-аракеттер, алардын ичинде 2017-жылы аймактык саясат боюнча концепциянын кабыл алынышы, 2018, 2019 жана 2020-жылдардын аймактарды өнүктүрүү боюнча жарыяланышы, алардын алкагында мамлекеттик жана аймактык масштабдагы иш-чаралар кичи шаарларды системалык кризистен чыгаруу, рынок шарттарында алардын өз алдынча өнүгүүсүнүн эффективдүү жолдорун издөө, аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун өзөгү катары кароо сыяктуу стратегиялык максаттарды көздөйт. Мында кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалдарынын өзгөчөлүктөрүн (артыкчылыктарын) аныктоо, алардын негизинде өсүү точкаларын калыптандыруу, калк жана өндүрүш үчүн бирдиктүү инфраструктуралык базаны кеңейтүү максатында өсүү линияларын жана өсүү коридорлорун түзүү иштери артыкчылыктуу мүнөзгө ээ.

Аталган маселелер республикалык жана аймактык деңгээлдерде практикалык жактан да, теориялык жактан да толук иштелип чыга элек жана мындай багыттагы изилдөөлөрдө экономикалык жана социалдык географиянын чечүүчү ролу бар. Мына ушуга байланыштуу диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу, анын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүн илимий жактан кароо менен аныкталып турат.

Жогоруда белгилengендердин негизинде изденүүчү Момошева Гулиза Абылкасымовнанын илимий иши актуалдуу деп эсептөө талапка ылайык.

**3.Илимий жыйынтыктар**. Иште төмөнкү илимий жактан негизделген жаңы теориялык жана практикалык жыйынтыктар бар жана алар географиялык илимдин өнүгүшү үчүн маанилүү болуп саналат:

**1 жыйынтык.** Автор тарабынан “шаарлар” жана “кичи шаарлар” түшүнүктөү жалпыланып, кичи шаарлардын типологиясы келтирилген, булар география илими үчүн биринчи болуп эсептелет (3-бап, 3.1 параграф).

**2 жыйынтык.** Диссертант тарабынан Кыргызстандын азыркы шарттарында кичи шаарларды экономикалык жана социалдык географиянын объектиси катары биринчи жолу илимий жактан каралган (3-бап, 3.1-3.6 параграфтар).

**3 жыйынтык.** Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын экономикалык-географиялык өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү ачылган (3-бап, 3.2 параграф).

**4 жыйынтык.** Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын өнүгүүсүндөгү көйгөйлүү маселелер аныкталган (3-бап, 3.3 параграф).

**5 жыйынтык.** Автор тарабынан түштүк аймактагы кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясы жана өсүү точкасынын, өсүү импульсунун жана өсүү коридорунун пайдалуулугун арттыруу боюнча илимий иштелмелер каралган жана булар иштин негизги жаңылыктарына кирет (3-бап, 3.4 параграф).

**4.Изденүүчү тарабынан диссертацияда келтирилген ар бир илимий жыйынтыктын (илимий жобонун) жана бүтүмдөрдүн негиздөө деңгээли жана тактыгы.**

Автор тарабынан жыйынтыктарды жана илимий жоболорду негиздөө үчүн пайдаланылган усулдар.

**1 жыйынтык.** Кыргызской Республикасынын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын экономикалык-географиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана баяндап жазуу зарылдыгы негизделген. Бул дедуктивдик усулду («жалпыдан жекеге») колдонуу менен ийгиликтүү ишке ашырылган.

**2 жыйынтык.** Кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалын аныктоодо компоненттик (транспорттук, өнөр жайлык, агрардык, рекреациялык, рыноктук жана инновациялык) талдоо жүргүзүлүп, интегралдык баалоонун жардамы менен шаар конуштарынын ыңгайлуулук абалдары рангалык тартипте аныкталган.

**3 жыйынтык.** Кичи шаарлардын өнүгүүсүндөгү көйгөйлүү маселелерди аныктоодо салыштырма-географиялык, анализ жана синтез, байкоо ж.б. усулдар жана ыкмалар колдонулган. Мындай изилдөө аныкталган проблемалардын чечүү жолдорун да табууга жол берет.

**4 жыйынтык.** Шаар брендин кичи шаарлардын географиялык өзгөчөлүгүн көрсөтүүчү белгиси катары изилдөөдө тарыхый жана салыштырма-географиялык усулдар пайдаланып, ар бир шаардын бренддик касиеттерин ачууга жакшы жардам берген. Мындай изилдөөдө экспедициялык усулдар, талаалык изилдөөлөр жана социологиялык сурамжылоолор да кошумча болгон.

**5 жыйынтык.** Автордун жекече иштеп чыгуулары илимий адабияттардын обзору аркылуу аргументтелген жана жекече байкоолору жана талдоолору аркылуу илимий жактан так далилденген.

**5.Изденүүчүнүн диссертацияда келтирилген ар бир илимий жыйынтыгынын (жобосунун) жана бүтүмдөрүнүн жаңылык деңгээли**.

Диссертациялык иште географиялык илимдин (экономикалык жана социалдык географиянын) өнүгүүсү үчүн чоң мааниге ээ болгон илимий жактан негизделген жаңы теоретикалык жыйынтыктар камтылган:

**1 жыйынтык.** Жаңы: Кыргызстандын азыркы шарттарында кичи шаарларды экономикалык жана социалдык географиянын объектиси катары биринчи жолу каралган.

**2 жыйынтык.** Дээрлик жаңы: Кыргызской Республикасынын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын типологиясы сунушталган.

**3 жыйынтык.** Жаңы: Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалдарына компоненттик талдоо жүргүзүү менен интегралдык баалоонун негизинде алардын өнүгүү артыкчылыктары аныкталган.

**4 жыйынтык.** Дээрлик жаңы: Автор кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясы жана өсүү точкасынын, өсүү импульсунун жана өсүү коридорунун пайдалуулугун арттыруу боюнча атайын географиялык усулдар жалпыланып, жаңы жыйынтыктарга жетишкен.

**5 жыйынтык.** Дээрлик жаңы: Кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн негизги жаңыча таариздеги багыттары аныкталган жана сунушталган.

**6.Тийиштүү актуалдуу проблемаларды, теоретикалык жана колдонмо (прикладдык) милдеттерди чечүүгө арналган жыйынтыктардын ички бирдиктүүлүгүн жана багыттуулугун баалоо.**

Момошева Гулиза Абылкасымовнанын коргоого коюлган «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы диссертациялык ишинин жоболору жана жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын түштүк аймагын жана Борбордук Азиядагы Фергана өрөөнүн изилдөөнүн актуалдуу маселелери менен тастыкталат. Алынган натыйжалар өз ара байланышкан, практикалык сунуштар тиешелүү теориялык жоболордун негизинде түзүлгөн.

Диссертация каралып жаткан тема боюнча ички бирдиктүүлүккө ээ болгон бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду камтыйт жана ал автордун география илимине болгон жеке салымын аныктайт. Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын аймактын өнүгүүсүндөгү мааниси боюнча сунуш кылынган жаңы иштелмелер жана жоболор жетиштүү түрдө негизделген жана такталган.

**7.Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

-Кыргызской Республикасынын түштүк аймагында жайгашкан кичи типологиясы иштелип чыккан;

-аймактагы кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалына автордук баалоо жүргүзүлгөн;

-шаарларды өсүү точкасы, өсүү импульсу жана өсүү коридору катары кароо боюнча автордук изилдөө жүргүзүлгөн жана аларды шаардын стратегиясын иштеп чыгууда колдонуу жактары сунушталган;

-рынок шарттарында шаарлардын экономикалык-географиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен шаар брендин иштеп чыгуу жана колдонуу боюнча сунуштар аныкталган;

-Кыргыз Республикасынын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн негизги багыттары иштелип чыккан жана бул сунуштар республиканын башка шаарлары үчүн да колдонууда пайдалуу.

**Г.А.Момошеванын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруу төмөнкүлөргө мүмкүндүк берди:**

-аймактык жана шаардык өнүгүү жана жергиликтүү башкаруудагы себептик-натыйжалык байланыштарды өз алдынча аныктоо жана талдоо;

-шаар чарбасын өнүктүрүү саясатын жакшыртуу;

-шаар брендин шаарлардын экономикалык-географиялык өзгөчөлүгүнө жараша иштеп чыгуу жана тышкы рыноктордо пайдалануу;

-шаардын өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууда компоненттик талдоо жүргүзүү;

-«жашыл» шаар куруу программасын жайылтуу жана шаар чарбасын табигый чөйрө менен гармониялык айкалыштыруу иштерин жүргүзүү.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде жана материалдарда пайдаланылды:**

-Кара-Суу жана Кочкор-Ата шаарларынын мэриясы тарабынан иштелип чыккан өнүгүү программалары;

-Ош мамлекеттик университетинин «география» жана «туризм» багыттарынын айрым курстарында окуу материалы катары.

**Диссертациясынын материалдарын ишке ашыруу төмөнкүдөй оң эффект алынды:**

-коомчулук жана илимий чөйрө кичи шаарлардын өнүгүү өзгөчөлүктөрү боюнча маалыматка ээ болушат;

-Кыргыз Республикасынын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалдары боюнча рангалык катарлары аныкталды;

-мамлекеттик жана муниципиалдык кызматтын өкүлдөрү шаар чарбасын өнүктүрүү жана башкаруу боюнча тиешелүү иш-чараларды кабыл алууну үйрөнүшөт;

-Кара-Суу жана Кочкор-Ата шаарларынын мэриясы шаар чарбасын жүргүзүү боюнча илимий негизделген маалыматтарды алышты;

-кичи шаарлардын базасында «жашыл» экономиканы куруу саясаты тарайт.

**8.Жетишкендиктер менен катар төмөнкү кемчиликтерди белгилеп кетем:**

1.Шаарлардын өнүгүүсүндө финансылык факторлорго аз көнүл бурулуп калган.

2.Шаарларды профилдештирүү маселелери толук каралган эмес.

3.Иштин текстинде айрым техникалык мүчүлүштүктөр бар.

**9.Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана бүтүмдөрүнүн жарыкка чыгуусун тастыктоо.**

Диссертациянын мазмуну автордун төмөнкү публикацияларында чагылдырылган:

1.Момошева Г.А. О стихийных разрушительных явлениях [Текст] / Р.Ш.Ахмедов, Г.А.Момошева //Вест. фил. РГСУ в г.Ош, № 9, 2010. -С.105-108.

2.Момошева Г.А. Сели и паводки как опасные природные явления в Кыргызстане [Текст] /Г.А. Момошева //Вест. ОшГУ, № 3, 2011. -С. 199-201.

3.Момошева Г.А. Предпринимательство в городе Ош: общие и региональные проблемы [Текст] /А.Г.Низамиев, Т.К.Субанкулова, Г.А.Момошева //Вест. ПГУ, № 2. Павлодар, 2011. -С.27-32.

4.Момошева Г.А. К вопросу развития и размещения промышленности в Кыргызстане [Текст] /А.Г.Низамиев, М.Ж.Мырзакматов, Г.А.Момошева //Вестник ПГУ, № 1. Павлодар, 2013. -С.91-95.

5.Момошева Г.А. Вопросы привлечения иностранных инвестиций в экономику страны [Текст] /А.К.Атабеков, Г.А.Момошева, А.А.Осмоналиева //Вестник ОшГУ, № 4, 2015. -С. 237-239.

6.Момошева Г.А. Экономический потенциал Кыргызстана и возможности его экономического развития [Текст] /А.Г.Низамиев, Г.А.Момошева, Р.С.Ибрагимова //Ученые записки ХГУ, № 4. Худжанд, 2016. -С. 81-85.

7.Момошева Г.А. Изучение инвестиционных возможностей города Ош: сильные и слабые стороны, состояние освоения инвестиций, приоритетные направления [Текст] /А.Г.Низамиев, А.А.Осмоналиева, Г.А.Момошева //Молодой ученый, №12, 2017. С. 207-210.

8.Момошева Г.А. Малые города южного региона Кыргызстана: типология, особенности и возможности развития [Текст] /Г.А.Момошева, Ж.Т.Шерматова, Ф.М.Даовлатова //Молодой ученый, №12, 2017. С. 205-207.

9.Момошева Г.А. Кыргызстанда жана анын түштүк аймагында туризмдин өнүгүү тенденциялары жана маселелери [Текст] /А.К.Култаева, Г.А.Момошева, Р.С.Ибрагимова //ОшМУ жарчысы, № 1, 2017. 92-96-б.

10.Момошева Г. А. Туризмдин өнүгүүсүн мамлекеттик жөнгө салуунун айрым жактары [Текст] /А.К.Култаева, Г.А.Момошева, Р.С.Ибрагимова //ОшМУ жарчысы, № 1, 2017. 96-99-б.

11.Момошева Г.А. Территория маркетинги шаарлардын өнүгүүсүнүн негизи катары [Текст] /Г.А.Момошева, А.А.Осмоналиева //ОшМУ жарчысы, атайын чыг., 2017. 159-162-б.

12.Момошева Г.А. Влияние территориальной организации банковской системы на социально-экономическое развитие малых городов [Текст] /И.М.Сайпидинов, Г.А.Момошева //Мат. IV межд. заочной научно-практ. конф. «Совершенствование учета, анализа и контроля как механизмов информационного обеспечения устойчивого развития экономики». Махачкала, 2018. -С. 41-45.

13.Момошева Г.А. Особенности организации территориального развития банковской системы зарубежных стран в контексте малых городов [Текст] /И.М.Сайпидинов, Г.А.Момошева //Мат. IV межд. заочной научно-практ. конф. «Совершенствование учета, анализа и контроля как механизмов информационного обеспечения устойчивого развития экономики». Махачкала, 2018. -С. 46-51.

14.Момошева Г.А. К вопросу развития легкой промышленности Кыргызстана [Текст] /Г.А.Момошева, М.Султанали уулу, Ж.Т.Шерматова //Мат. науч. семинара "Актуальные проблемы экономической географии и региональной экономики", посвященного Дню науки Кыргызской Республики. –Ош, 2018. -С. 76-79.

15.Момошева Г.А. Туризм тармагындагы инновациялык өнүгүүнүн мааниси [Текст] /С.Ж.Артыкбаева, Г.А.Момошева, А.А.Осмоналиева //Известия вузов Кыргызстана, № 8, 2018. 86-89-б.

16.Момошева Г.А. Внедрение концепции умных городов и формирование зеленой экономики – это основа устойчивого развития малых

городов [Текст] /Г.А.Момошева, И.М.Сайпидинов //Актуальные вопросы современной экономики. -Махачкала, 2019, №5. -С. 895-906.

17.Момошева Г.А. Роль малых городов в развитии зеленой экономики [Текст] /Г.А.Момошева, И.М.Сайпидинов //Актуальные вопросы современной экономики. -Махачкала, 2019, №6/2. -С. 704-710.

18.Момошева Г.А. Шаарлар экономикалык жана социалдык географиянын изилдөө объектиси катары [Текст] /Г.А.Момошева //ОшМУ жарчысы, № 3, 2019. 23-26-б.

19.Момошева Г.А. К вопросу определения инвестиционного потенциала региона (на примере города Ош и Ошской области Кыргызской Республики) [Текст] /А.Г.Низамиев, А.А.Осмоналиева, Г.А.Момошева //Мат. ежегод. межд. научно-практ. конф. "География: развитие науки и образования". -Санкт-Петербург, 2020. -С. 208-214.

20.Момошева Г.А. Внедрение зеленых технологий как основа устойчивого развития инфраструктуры малых городов [Текст] /Г.А.Момошева, И.М.Сайпидинов //Вопросы устойчивого развития общества, № 3, 2020. -С. 520-524.

21.Момошева Г.А. Зеленая энергетика как основа энергетической безопасности городов [Текст] /И.М.Сайпидинов, Г.А.Момошева //Вопросы устойчивого развития общества, № 3, 2020. -С. 530-536.

22.Момошева Г.А. Шаар чарбасынын финансылык базасын чыңдоо жана инвестиция тартуу маселелери [Текст] /Г.А.Момошева, А.А.Осмоналиева //I и II Матикеевдик окуулардын мат-ры. -Ош, 2020. -55-59-б.

**10.Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келиши**. Г.А.Момошеванын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы автореферата диссертациясынын мазмунуна, андагы коюлган максаттарга жана милдеттерге толук дал келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей маанидеги резюмеге ээ.

**11.Расмий оппоненттерди жана жетектөөчү мекемени дайындоо боюнча сунушту негиздөө.**

Диссертациялык кеңешке эксперттик комиссия төмөндөгүдөй дайындоону сунуш кылат:

а)биринчи расмий оппонент катары география илимдеринин доктору Дылдаев Мирлан Муктаровичти (автореферат боюнча адистиги 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география), ал изилдөө темасына жакын илимий эмгектердин автору:

1.Особенности процессов урбанизации в Кыргызской Республике //В кн.: «Пригородная революция» в региональном срезе: периферийные городские территории на постсоветском пространстве. -Улан-Удэ, 2019. -С. 40-44.

2.Демографические процессы в условиях горного типа размещения населенных пунктов в Кыргызской Республике //Евразийское научное объединение, 2018, № 5-4. -С. 234-236.

3.Географический процесс урбанизации города Бишкек //Евразийское научное объединение, 2018, № 8-2. -С. 91-92.

б)экинчи расмий оппонент катары география илимдеринин кандидаты Келинбаева Роза Жармухамедовнаны (автореферат боюнча адистиги 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география), ал изилдөө темасына жакын илимий эмгектердин автору:

1.Social and geographical research in the Republic of Kazakhstan with the use of GIS technologies // European Journal of Geography Volume 8, Number 3:109 - 125, July 2017.

2.Қарағанды облысының орта және кіші қалаларының туристік әлеуеті //Вестник КазНИТУ, №1 (137), Алматы, 2020.

3.The research of demographical indicators of the population's quality of life for sustainable development of Almaty region //The 1st International Conference on Business Technology for a Sustainable Environmental System (BTSES-2020) Chapter 5: Sustainable Cities and Communities E3S Web Conf. Volume 159, 202024, March 2020.

в)жетектөөчү мекеме катары Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-өзбек эл аралык университетинин табият таануу жана педагогика факультетинин табигый илимдерди окутуу усулу кафедрасы.

Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын жана түшкөн документтерди карап, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университети жана С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д.25.21.634 диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кылам.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы,**
**экономика илимдеринин доктору, профессор** **Култаев Т.Ч.**

*Эксперт Т.Култаевдин колун тастыктайм*

*Д.25.21.634 диссертациялык кеңештин*
*окумуштуу катчысы, г.и.к., доцент* *Акматов Р.Т.*

*2021-жылдын "24" маября*

**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университети жана С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д.25.21.634 диссертациялык кеңештин экспертинин Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

# ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУ

**1. Изилдөө темасынын актуалдуулугу**. Азыркы мезгилде дүйнөдө, анын ичинде Борбордук Азиянын Фергана өрөөнүндө урбанизациялык процесстердин курчушу, ошондой эле Кыргыз Республикасында (КР) рынок экономикасына өтүү шарттарында территориялык-урбанизациялык структуранын кескин өзгөрүүсү, ага байланыштуу шаар конуштарынын ичинен кичи шаарлардын сандык жактан көбөйүүсү жана социалдык-экономикалык жактан өнүгүү маселелери мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик, атуулдук коомчулук жана илимий чөйрө тарабынан активдүү иш-аракеттерди талап кылууда. Эгемендүүлүк шарттарында республикада 11 кичи шаар пайда болуп, 1 шаар (Ак-Суу) өз макамын жоготту. Ал эми түштүк аймакта бүгүнкү күндө 18 шаар конушунун ичинен 14ү кичи шаарлар категориясына кирип, аймактын жалпы шаар калкынын 37,3%ын жана республикадагы кичи шаарлардын калкынын 58,1%ын түзөт. Бул өз кезегинде экономикалык, социалдык, экологиялык жана саясий маанидеги көйгөйлөрдү жаратып, ар түрдүү деңгээлдеги уюштуруучулук-экономикалык аракеттерди жана илимий-практикалык иликтөөлөрдү талап кылат.

Өлкөдөгү аймактык өнүгүүгө багытталган расмий иш-аракеттер, алардын ичинде 2017-жылы аймактык саясат боюнча концепциянын кабыл алынышы, 2018, 2019 жана 2020-жылдардын аймактарды өнүктүрүү боюнча жарыяланышы, алардын алкагында мамлекеттик жана аймактык масштабдагы иш-чаралар кичи шаарларды системалык кризистен чыгаруу, рынок шарттарында алардын өз алдынча өнүгүүсүнүн эффективдүү жолдорун издөө, аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун өзөгү катары кароо сыяктуу стратегиялык максаттарды көздөйт. Мында кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалдарынын өзгөчөлүктөрүн (артыкчылыктарын) аныктоо, алардын негизинде өсүү точкаларын калыптандыруу, калк жана өндүрүш үчүн бирдиктүү инфраструктуралык

базаны кеңейтүү максатында өсүү линияларын жана өсүү коридорлорун түзүү иштери артыкчылыктуу мүнөзгө ээ.

Аталган маселелер республикалык жана аймактык деңгээлдерде практикалык жактан да, теориялык жактан да толук иштелип чыга элек жана мындай багыттагы изилдөөлөрдө экономикалык жана социалдык географиянын чечүүчү ролу бар. Мына ушуга байланыштуу диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу, анын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүн илимий жактан кароо менен аныкталып турат.

Жогоруда белгиленгендердин негизинде изденүүчү Момошева Гулиза Абылкасымовнанын илимий иши актуалдуу деп эсептйм.

**2.Иште төмөнкү жаңы жана так илимий жыйынтыктар алынган**:

**1 жыйынтык:** автор тарабынан Кыргызстандын шартында география илиминин алкагында кичи шаарларды илимий жактан иликтөө, кичи шаарлардын типологиясын иштеп чыгуу география илими үчүн биринчи болуп эсептелет (3-бап, 3.1 параграф).

**2 жыйынтык:** автор тарабынан Кыргыз Республикасынын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын экономикалык-географиялык өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү ачылып, анын компонеттик баалоо жүргүзүлгөн (3-бап, 3.2 параграф).

**3 жыйынтык:** Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын өнүгүүсүндөгү көйгөйлүү маселелери аныкталып, аларды жоюу боюнча практикалык сунуштары берилген (3-бап, 3.3 параграф).

**4 жыйынтык:** автор тарабынан өсүү точкасы, өсүү импульсу жана өсүү коридору сыяктуу түшүнүктөр байытылп, такталып, алардын практикалык маанилери ачык көрсөтүлгөн (3-бап, 3.4 параграф).

**5 жыйынтык:** кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн негизги багыттары аныкталып, мында кичи шаарлардын базасында “жашыл” экономиканы калыптандыруу саясаты негизделген (3-бап, 3.6 параграф).

**3.Изденүүчү тарабынан алынган натыйжалар** тийиштүү актуалдуу проблемалардын, теоретикалык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө арналган жыйынтыктардын ички бирдиктүүлүгү жана багыттуулугу менен мүнөздөлөт._М.Г.Абылкасымовнанын коргоого коюлган диссертациялык ишинин жоболору жана жыйынтыктары Кыргызстандын түштүк аймагын жана Фергана өрөөнүн изилдөөнүн актуалдуу маселелери менен тастыкталып, алынган натыйжалар өз ара байланышкан, практикалык сунуштар тиешелүү теориялык жоболордун негизинде түзүлгөн. Диссертация каралып жаткан тема боюнча ички бирдиктүүлүккө ээ болгон бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду камтыйт жана ал автордун география илимине болгон жеке салымын аныктайт.

**4.Алынган жыйынтыктар**.

**1 жыйынтык:** Кыргызстандын азыркы шарттарында кичи шаарларды экономикалык жана социалдык географиянын объектиси катары биринчи жолу каралган жана бул приориеттүү теориялык милдеттерди чечет.

**2 жыйынтык:** Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын өзүнчө типологиясы иштелип чыккан жана бул приориеттүү теориялык да, практикалык да милдеттерди чечет.

**3 жыйынтык:** Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалдарына компоненттик талдоо жүргүзүлгөн; ал интегралдык баалоонун негизинде аныкталган. Бул приориеттүү теориялык жана практикалык милдеттерди чечет деп эсептеймин.

**4 жыйынтык:** кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясы жана өсүү точкасынын, өсүү импульсунун жана өсүү коридорунун пайдалуулугун арттыруу боюнча жаңы натыйжалар алынган. Мунун теориялык мааниси бар.

**5 жыйынтык: к**ичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн негизги багыттары аныкталган жана анда “жашыл” экономикалуу кичи шаар түзүү идеясы көтөрүлгөн. Мунун башка шаар конуштары үчүн практикалык мааниси бар деп эсептеймин.

**5.Практикага киргизүү үчүн төмөнкүлөр сунушталат**:

-Кыргыз Республикасынын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын типологиясын аймактык деңгээлдеги программаларды жана стратегияларды иштеп чыгууда колдонуу;

-аймактагы кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалына жүргүзүлгөн баалоону тиешелүү мэрияларга сунуш кылуу;

-шаарларды өсүү точкасы, өсүү импульсу жана өсүү коридору катары кароо боюнча автордук изилдөө жүргүзүлгөн жана аларды шаардын стратегиясын иштеп чыгууда колдонуу;

-шаарлардын экономикалык-географиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен шаар брендин иштеп чыгуу жана колдонуу;

-Кыргыз Республикасынын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн негизги багыттарын сунуштоо.

**6.Жетишкендиктер менен катар төмөнкү кемчиликтерди белгилеп кетем:**

1.Шаарлардын өнүгүүсүндө демграфиялык поенциал башкы мааниге жана бул жаатта кенири талдоо зарыл.

2.Шаарларды өнүгүүсүнүн прогнозун кошуу иштин илимийлүүлүгүн арттырмак.

3.Текстте айрым техникалык мүчүлүштүктөр учурайт.

**7.Момошева Гулиза Абылкасымовнанын** «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы диссертациясы Окумуштуулук даражаны ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун 9 жана 10 пункттарынын талаптарына дал

келүү 25.00.24 – “экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география” адистигинин паспортуна толук жооп берет.

**8.Диссертациянын квалификациялык белгилери**

1. Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү
1.2. Илимдин тийиштүү тармагындагы келечектүү багыттын өнүгүшүндө жаңы ири жетишкендик катары квалификациялоого мүмкүн болгон теориялык жоболорду иштеп чыгышы.
2. Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңылыгынын деңгээли
2.2. Айрым жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.
3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу
3.2. Жогору.
4. Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы
4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын планына же мекеменин тематикалык планына кирет.
5. Прикладдык мааниси бар диссертациянн жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли
5.2. Тармактар аралык деңгээлде.
6. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар
6.1. Кеңири пайдалануу талап кылынат.

**9.Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**. Г.А.Момошеванын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы авторефераты диссертациясынын мазмунуна, андагы коюлган максаттарга жана милдеттерге толук дал келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей маанидеги резюмеге ээ.

**10.Расмий оппоненттерди жана жетектөөчү мекемени дайындоо боюнча сунушту негиздөө.**

Диссертациялык кеңешке эксперттик комиссия төмөндөгүдөй дайындоону сунуш кылат:

а)экинчи расмий оппонент катары география илимдеринин кандидаты Келинбаева Роза Жармухамедовнаны (автореферат боюнча адистиги 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география), ал изилдөө темасына жакын илимий эмгектердин автору экендигин билебиз.

б)жетектөөчү мекеме катары Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-өзбек эл аралык университетинин табият таануу жана педагогика факультетинин табигый-илимий билим берүү жана окутуунун усулу кафедрасын сунуштайм. Анткени, бул окуу жайда география адистиги даярдалат жана география жаатында тийиштүү илимий потенциал бар.

Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин

кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын Д.25.21.634 диссертациялык кеңешинде жактоого сунуш кылам.

**Эксперт, география илимдеринин доктору Дылдаев М.М.**

*Эксперт М.Дылдаевдин колун тастыктайм*

*Д.25.21.634 диссертациялык кеңештин*
*окумуштуу катчысы, г.и.к., доцент Акматов Р.Т.*

*2021-жылдын "24" майы*

**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университети жана С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д.25.21.634 диссертациялык кеңештин экспертинин Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

## ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМ

**1. Изилдөө темасынын актуалдуулугу**. Бүгүнкү урбанизациялык процесстердин курчушу, ошондой эле Кыргыз Республикасында (КР) рынок экономикасына өтүү шарттарында территориялык-урбанизациялык структуранын кескин өзгөрүүсү, ага байланыштуу шаар конуштарынын ичинен кичи шаарлардын сандык жактан көбөйүүсү жана социалдык-экономикалык жактан өнүгүү маселелери мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик, атуулдук коомчулук жана илимий чөйрө тарабынан активдүү иш-аракеттерди талап кылууда. Эгемендүүлүк шарттарында республикада 11 кичи шаар пайда болду. Ал эми түштүк аймакта бүгүнкү күндө 18 шаар конушунун ичинен 14ү кичи шаарлар категориясына кирип, аймактын жалпы шаар калкынын 37,3%ын жана республикадагы кичи шаарлардын калкынын 58,1%ын түзөт. Бул өз кезегинде экономикалык, социалдык, экологиялык жана саясий маанидеги көйгөйлөрдү жаратып, ар түрдүү деңгээлдеги уюштуруучулук-экономикалык аракеттерди жана илимий-практикалык иликтөөлөрдү талап кылат.

Кыргыз Республикасындагы территориялык өнүгүүгө багытталган расмий иш-аракеттер, алардын ичинде 2017-жылы аймактык саясат боюнча концепциянын кабыл алынышы, 2018, 2019 жана 2020-жылдардын аймактарды өнүктүрүү боюнча жарыяланышы, алардын алкагында мамлекеттик жана аймактык масштабдагы иш-чаралар кичи шаарларды системалык кризистен чыгаруу, рынок шарттарында алардын өз алдынча өнүгүүсүнүн эффективдүү жолдорун издөө, аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун өзөгү катары кароо сыяктуу стратегиялык максаттарды көздөйт. Мында кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалдарынын өзгөчөлүктөрүн аныктоо, алардын негизинде өсүү точкаларын калыптандыруу, калк жана өндүрүш үчүн бирдиктүү инфраструктуралык базаны кеңейтүү максатында өсүү линияларын жана өсүү коридорлорун түзүү иштери артыкчылыктуу мүнөзгө ээ. Аталган маселелер республикалык жана

аймактык деңгээлдерде практикалык жактан да, теориялык жактан да толук иштелип чыга элек жана мындай багыттагы изилдөөлөрдө экономикалык жана социалдык географиянын чечүүчү ролу бар. Мына ушуга байланыштуу диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу, анын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүн илимий жактан кароо менен аныкталып турат. Бул аргументтер изденүүчү Момошева Гулиза Абылкасымовнанын илимий иши актуалдуу экендигин далилдеп турат.

**2. Иште төмөнкү жаңы жана так илимий жыйынтыктар алынган**:

**1 жыйынтык:** автор тарабынан кичи шаарлардын калыптануу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрү боюнча кеңири адабий обзор жүргүзүлгөн (1-бап, 1.2).

**2 жыйынтык: ш**аарлар жана кичи шаарлар түшүнүгү теориялык жактан так чечмеленген жана жалпыланган (3-бап, 3.1).

**3 жыйынтык:** автор тарабынан Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын экономикалык-географиялык өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү ачылып, анын компонеттик баалоо жүргүзүлгөн (3-бап, 3.2).

**4 жыйынтык:** автор тарабынан өсүү точкасы, өсүү импульсу жана өсүү коридору сыяктуу түшүнүктөр байытылып, такталып, алардын практикалык маанилери ачык көрсөтүлгөн (3-бап, 3.4).

**5 жыйынтык:** кичи шаарлардын базасында “жашыл” экономиканы калыптандыруу саясаты негизделген (3-бап, 3.6).

**3. Изденүүчү тарабынан алынган натыйжалар** тийиштүү актуалдуу проблемалардын, теоретикалык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө арналган жыйынтыктардын ички бирдиктүүлүгү жана багыттуулугу менен мүнөздөлөт. М.Г.Абылкасымовнанын коргоого коюлган диссертациялык ишинин жоболору жана жыйынтыктары Кыргызстандын түштүк аймагын жана Фергана өрөөнүн изилдөөнүн актуалдуу маселелери менен тастыкталып, алынган натыйжалар өз ара байланышкан, практикалык сунуштар тиешелүү теориялык жоболордун негизинде түзүлгөн. Диссертация каралып жаткан тема боюнча ички бирдиктүүлүккө ээ болгон бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду камтыйт.

**4. Алынган жыйынтыктар.**

**1 жыйынтык:** Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрү илимий негизде аныкталган.

**2 жыйынтык:** Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалдарына компоненттик талдоо жүргүзүлгөн;

**3 жыйынтык:** кичи шаарлардын базасында өсүү точкасынын, өсүү импульсунун жана өсүү коридорунун пайдалуулугун арттыруу боюнча жаңы натыйжалар алынган.

**4 жыйынтык: к**ичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн негизги багыттары аныкталган жана анда “жашыл” экономикалуу кичи шаар түзүү теориясы каралган.

**5. Практикага киргизүү үчүн төмөнкүлөр сунушталат**:

-Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалына жүргүзүлгөн баалоону тиешелүү мамлекеттик башкаруу органдарына сунуштоо;

-шаарларды өсүү точкасы, өсүү импульсу жана өсүү коридору катары кароо боюнча автордук изилдөө илимий изилдөө иштеринде колдонуу;

-Кыргызстандагы шаарлардын экономикалык-географиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен шаар брендин иштеп чыгуу;

-Кыргыз Республикасынын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын аймакты өнүктүрүү фактору катары кароону сунуштоо.

**6.Жетишкендиктер менен катар төмөнкү кемчиликтерди белгилеп кетем:**

1.Шаарлардын өнүгүүсүндө социалдык-экономикалык маалыматтар аз келтирилген.

2.Ар бир шаардын брендин иштеп чыкса иштин мазмуну дагы жакшы болмок.

**7.Момошева Гулиза Абылкасымовнанын** «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы диссертациясы Окумуштуулук даражаны ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун 9 жана 10 пукттарынын талаптарына дал келүү 25.00.24 – “экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география” адистигинин паспортуна толук жооп берет.

**8.Диссертациянын квалификациялык белгилери**

1. Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү
1.2. Илимдин тийиштүү тармагындагы келечектүү багыттын өнүгүшүндө жаңы ири жетишкендик катары квалификациялоого мүмкүн болгон теориялык жоболорду иштеп чыгышы.
2. Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңылыгынын деңгээли
2.2. Айрым жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.
3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу
3.2. Жогору.
4. Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы
4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын планына же мекеменин тематикалык планына кирет.
5. Прикладдык мааниси бар диссертациянн жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли
5.2. Тармактар аралык деңгээлде.
6. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар
6.1. Кеңири пайдалануу талап кылынат.

**9.Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана бүтүмдөрүнүн жарыкка чыгуусун тастыктоо.**

Диссертациянын мазмуну автордун төмөнкү публикацияларында чагылдырылган:

1.Момошева Г.А. О стихийных разрушительных явлениях [Текст] /Р.Ш.Ахмедов, Г.А.Момошева //Вест. фил. РГСУ в г.Ош, № 9, 2010. -С.105-108.

2.Момошева Г.А. Сели и паводки как опасные природные явления в Кыргызстане [Текст] /Г.А. Момошева //Вест. ОшГУ, № 3, 2011. -С. 199-201.

3.Момошева Г.А. Предпринимательство в городе Ош: общие и региональные проблемы [Текст] /А.Г.Низамиев, Т.К.Субанкулова, Г.А.Момошева //Вест. ПГУ, № 2. Павлодар, 2011. -С.27-32.

4.Момошева Г.А. К вопросу развития и размещения промышленности в Кыргызстане [Текст] /А.Г.Низамиев, М.Ж.Мырзакматов, Г.А.Момошева //Вестник ПГУ, № 1. Павлодар, 2013. -С.91-95.

5.Момошева Г.А. Вопросы привлечения иностранных инвестиций в экономику страны [Текст] /А.К.Атабеков, Г.А.Момошева, А.А.Осмоналиева //Вестник ОшГУ, № 4, 2015. -С. 237-239.

6.Момошева Г.А. Экономический потенциал Кыргызстана и возможности его экономического развития [Текст] /А.Г.Низамиев, Г.А.Момошева, Р.С.Ибрагимова //Ученые записки ХГУ, № 4. Худжанд, 2016. -С. 81-85.

7.Момошева Г.А. Изучение инвестиционных возможностей города Ош: сильные и слабые стороны, состояние освоения инвестиций, приоритетные направления [Текст] /А.Г.Низамиев, А.А.Осмоналиева, Г.А.Момошева //Молодой ученый, №12, 2017. С. 207-210.

8.Момошева Г.А. Малые города южного региона Кыргызстана: типология, особенности и возможности развития [Текст] /Г.А.Момошева, Ж.Т.Шерматова, Ф.М.Даовлатова //Молодой ученый, №12, 2017. С. 205-207.

9.Момошева Г.А. Кыргызстанда жана анын түштүк аймагында туризмдин өнүгүү тенденциялары жана маселелери [Текст] /А.К.Култаева, Г.А.Момошева, Р.С.Ибрагимова //ОшМУ жарчысы, № 1, 2017. 92-96-б.

10.Момошева Г. А. Туризмдин өнүгүүсүн мамлекеттик жөнгө салуунун айрым жактары [Текст] /А.К.Култаева, Г.А.Момошева, Р.С.Ибрагимова //ОшМУ жарчысы, № 1, 2017. 96-99-б.

11.Момошева Г.А. Территория маркетинги шаарлардын өнүгүүсүнүн негизи катары [Текст] /Г.А.Момошева, А.А.Осмоналиева //ОшМУ жарчысы, атайын чыг., 2017. 159-162-б.

12.Момошева Г.А. Влияние территориальной организации банковской системы на социально-экономическое развитие малых городов [Текст] /И.М.Сайпидинов, Г.А.Момошева //Мат. IV межд. заочной научно-практ. конф. «Совершенствование учета, анализа и контроля как механизмов информационного обеспечения устойчивого развития экономики». Махачкала, 2018. -С. 41-45.

13.Момошева Г.А. Особенности организации территориального развития банковской системы зарубежных стран в контексте малых городов [Текст] /И.М.Сайпидинов, Г.А.Момошева //Мат. IV межд. заочной научно-практ. конф. «Совершенствование учета, анализа и контроля как механизмов информационного обеспечения устойчивого развития экономики». Махачкала, 2018. -С. 46-51.

14.Момошева Г.А. К вопросу развития легкой промышленности Кыргызстана [Текст] /Г.А.Момошева, М.Султанали уулу, Ж.Т.Шерматова //Мат. науч. семинара “Актуальные проблемы экономической географии и региональной экономики”, посвященного Дню науки Кыргызской Республики. –Ош, 2018. -С. 76-79.

15.Момошева Г.А. Туризм тармагындагы инновациялык өнүгүүнүн мааниси [Текст] /С.Ж.Артыкбаева, Г.А.Момошева, А.А.Осмоналиева //Известия вузов Кыргызстана, № 8, 2018. 86-89-б.

16.Момошева Г.А. Внедрение концепции умных городов и формирование зеленой экономики – это основа устойчивого развития малых городов [Текст] /Г.А.Момошева, И.М.Сайпидинов //Актуальные вопросы современной экономики. -Махачкала, 2019, №5. -С. 895-906.

17.Момошева Г.А. Роль малых городов в развитии зеленой экономики [Текст] /Г.А.Момошева, И.М.Сайпидинов //Актуальные вопросы современной экономики. -Махачкала, 2019, №6/2. -С. 704-710.

18.Момошева Г.А. Шаарлар экономикалык жана социалдык географиянын изилдөө объектиси катары [Текст] /Г.А.Момошева //ОшМУ жарчысы, № 3, 2019. 23-26-б.

19.Момошева Г.А. К вопросу определения инвестиционного потенциала региона (на примере города Ош и Ошской области Кыргызской Республики) [Текст] /А.Г.Низамиев, А.А.Осмоналиева, Г.А.Момошева //Мат. ежегод. межд. научно-практ. конф. “География: развитие науки и образования”. -Санкт-Петербург, 2020. -С. 208-214.

20.Момошева Г.А. Внедрение зеленых технологий как основа устойчивого развития инфраструктуры малых городов [Текст] /Г.А.Момошева, И.М.Сайпидинов //Вопросы устойчивого развития общества, № 3, 2020. -С. 520-524.

21.Момошева Г.А. Зеленая энергетика как основа энергетической безопасности городов [Текст] /И.М.Сайпидинов, Г.А.Момошева //Вопросы устойчивого развития общества, № 3, 2020. -С. 530-536.

22.Момошева Г.А. Шаар чарбасынын финансылык базасын чыңдоо жана инвестиция тартуу маселелери [Текст] /Г.А.Момошева, А.А.Осмоналиева //I и II Матикеевдик окуулардын мат-ры. -Ош, 2020. -55-59-б.

**10.Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**. Г.А.Момошеванын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы авторефераты диссертациясынын мазмунуна, андагы коюлган максаттарга жана милдеттерге толук дал келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей маанидеги резюмеге ээ.

Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий

жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын Д.25.21.634 диссертациялык кеңешинде жактоого сунуш кылам.

**Эксперт, экономика илимдеринин доктору** **Бекбоева М.А.**

*Эксперт М.Бекбоеванын колун тастыктайм*

*Д.25.21.634 диссертациялык кеңештин*
*окумуштуу катчысы, г.и.к., доцент* *Акматов Р.Т.*

*2021-жылдын "24" майы*